Педогогикалык кеңешме

тарабынын кабыл алынган

Протокол №1 “1” 09 2017-ж.

“Бекитемин”

Мектеп жетекчиси ________

Боркеев.Э.Т.

“1” 09 ”2017-ж.

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**2017-2018-окуу жылына карай социалдык педагогдун жылдык иш-планы**

| № | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаны окуу жылына иш-планын иштеп чыгуу,иш алып баруу. | Сентябрь | Соц.педагог |
| 2 | Окуучулардын жалпы контингентин аныктоо:<br>• окуучулардын саны,турмуш шарты оор үй-бүлөлөрдүн балдары,тобокел тобундагы балдар, тоголок жетимдер,жарым жетимдер, соц.жактан жетишпеген балдар, көп балалуу үй-бүлөнүн балдары,майып балдар, ички жана тышкы мигранттын балдар,Апрель,Баткен коогалаңынын баатырларынын балдарынын тизмесин тактоо. | Сентябрь | Соц.педагог, кл.жетекчи, тарбия завуч |
| 3 | Профилактикалые кеңешмени түзүү.<br>Айыл өкмөтү ,ата-энелер комитети менен бирдиктүү иш-чараларды иштеп чыгуу. | Сентябрь | Айыл өкмөтү,ата-энелер комитети, соц.педагог. |
| 4 | Ай сайын жетим ,начар жашаган окуучулардын үйлөрүнө рейд жасоо. | Ай сайын | Соц.педагог, кл.жетекчи. |
| 5 | Мектепке жаңы же которулуп келген окуучуларды адептациялоо,алардын көйгөйлөрүн изилдөө. | Сентябрь | Кл.жетекчи, соц.педагог. |
| 6 | Ата-эне жана мугалим ортосунда «Педагогикалык көпүрө»түзүү. | Сентябрь | Кл.жетекчи, соц.педагог. |
| 7 | Мектептин учетунда турган окуучулар менен өзүнчө иш алып баруу,аңгемелешүү. | Сентябрь | Кл.жетекчи, соц.педагог, ИДН кызматкери |
| | МЖД жана ЖӨӨ,ЖЖИЖ отряддарын түзүү менен | Сентябрь | Соц.педагог |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | иш-чараларын ,милдеттерин иштеп чыгуу. | | |
| 9 | Ар бир чейрек сайын окуучулар арасында анкеталарды алуу менен көйгөй маселелерин чечүүгө жардам көрсөтүү. | Сентябрь | Соц.педагог |
| 10 | Тобокел тобундагы балдарды,мектептин учетундагы балдарды коомдук иштерге тартуу. | Октябрь | Соц.педагог |
| 11 | Ата-энелер менен ар чейрек сайын чогулуш өткөрүү менен жолугушуларды уюштуруу. | Октябрь | Соц.педагог, кл.жетекчи, |
| 12 | Окуучулар арасында “Биз биргебиз”кайрымдуулук иштерин жүргүзүү. | Октябрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 13 | Ар жума сайын кооптуу үй-бүлөлөргө рейд жасоо. | Октябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, тарбия завуч |
| 14 | Тобокел тобундагы окуучулар мене ниш алып баруу, карточка ачуу,мугалимдерге бекитип берүү. | Ноябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, тарбия завуч |
| 15 | Тарбиясы оор ,мектептин учетунда турган жарым, томолой жетим окуучуларды кружок, спорттук оюндарга катыштыруу. | Ноябрь | Соц.педагог кл.жетекчи, ата-энелер комитети |
| 16 | Окуучулар арсында кылмыштуулукту алдына алуу кеңешин түзүү жана иш-чараларды бекитүү. | Ноябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, |
| 17 | Мектептин учетунда турган окуучулардын үйүнө рейд жасоо. | Ноябрь | Соц.педагог,кл.жетекчи, ИДН кызматкери. |
| 18 | ИДН кызматкери менен окуучулар арасында жолугушуларды уюштуруп ,окуучуларды кылмыш кодекси менен тааныштыруу. | Ноябрь | Соц.педагог.ИДН кызматкери |
| 19 | Кооптуу үй-бүлөдөгү окуучулар менен тыгыз мамиле түзүп , муктаждыктарын ,көйгөйлөрүн аныктоо менен жардам көрсөтүү. | декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 20 | Зордук-зомбулук боюнча иш-чараларды ,класстык сааттарды өткөрүү. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 21 | Мектеп учетунда турган,тарбиясы оор окуучуларды коомдук иштерге тартуу,ички көйгөйүн аныктоо. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи |
| 22 | Жарым жетим, толук эмес үй-бүлөлөргө, аз камсыз үй-бүлөлөргө «Кайрымдуулук” акциясын өткөрүү. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчи, |
| 23 | «Кылмыштуулукка каршы» деген темада,окуучулар арасында спорттук мелдештерди,КВНдерди уюштуруу. | Декабрь | Соц.педагог, кл.жетекчилер , дене тарбия мугалими |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 24 | «Карнавал!» «Жаны жылдык окуялар» ж.б " Жаңы жылдык балаты" майрамын уюштуруу жана өткөрүү. | Декабрь | РБББ, мектеп администрациясы, класс жетекчилер<br><br>ИДН кызматкери |
| 25 | 1 жылдык окуу жылындагы , жарым жылдыктын жыйынтыгын чыгаруу. | Декабрь | Соц.педагог , Кл.жетекчи. |
| 26 | Окуучулар арасында мониторинг жана диагностикалык иш-чараларды жүргүзүү. | Январь | Соц.педагог, кл.жетекчи, уюштуруучу |
| 27 | Коомдук педагокикалык , реаблитациялык,коррекциялык,коомдук профилактикалык ,топтук жетекчилик менен иштерди жүргүзүү. | Январь | Соц.педагог,кл.жетекчи, уюштуруучу |
| 28 | Тобокел тобундагы окуучулардын үй-бүлөлөрүн диагностикалоо,тышкы миграниттын балдары жашаган үй-бүлөлөрдү диагностикалоо, аларга керектүү жардам көрсөтүү. | Январь | Соц.педагог , Кл.жетекчи. |
| 29 | Бүтүрүүчү класстын окуучулары менен кесиптик багыттандыруучу иштерди жүргүзүү. | Январь | Соц.педагог , Кл.жетекчи. |
| 30 | Ар жума сайын кооптуу,көйгөйлүү, өгөй ата ,өгөй эне менен жашаган үй-бүлөлөргө рейд жасоо. | Январь | Соц.педагог , кл.жетекчи, ИДН кызматкери |
| 31 | Ар чейрек сайын окуучулар арасында анкеталарды алуу менен көйгөй маселесин чечүүгө жардам берүү. | Февраль | Соц.педагог , кл.жетекчи. |
| 32 | Окуучулар арасында кайрымдуулук акциясын өткөрүү. | Февраль | Соц.педагог , кл.жетекчи. |
| 33 | Ар жума сайын көп балалуу үй-бүлөлөргө үйлөрүнө рейд жасоо. | Февраль | Соц.педагог , кл.жетекчи. |
| 34 | Тобокел тобундагы бүтүрүчүлөрдү прогноздоп,жумушка кесипке багыт берүү. | Март | Соц.педагог , Кл.жетекчи |
| 35 | Тобокел тобундагы балдардын жайкы эс алуусун прогноздоо менен уюштуруу. | Апрель-май | Соц.педагог , Кл.жетекчи |
| 36 | Жыл ичинде өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу. | Апрель-май | Соц.педагог , Кл.жетекчи |

Соц.педагог: Кенжалиева М.З.

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин

# 2017-2018 окуу жылына карата социалдык педагогдун иштери боюнча жүргүзүлгөн иш чарага талдоо.

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**2017-2018- окуу жылына карата социалдык педагогдун ишине**

**Талдоо**

**Соц.педагогдун максаты:**

1. Баланын статусун аныктоо;
2. Баланын өнүгүүсүнө жекече көңүл буруу;
3. Баланы көндүрүү оңдоо жана колдоо ;
4. Баланын кызыкчылыгынын укуктарын коргоо.
5. Баланы жашоо мейкиндигинде коргоо,кам көрүү.

**Соц.педагогдун милдеттери**:

**1.**Баланын жашоо- тиричилигиндеги оручундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөөнүн,мектептин коомдук чөйрөнүнүн,социалдык кызматтардын,ведомостволорун, укук коргоочу жана администрациалык органдардын ортосунда арачы болот да,анын кызыкчылыктарын жактайт;

**2**. Балдардын жашоо шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо,диогноздоочу изилдөө жүргүзөт .

**3**.Окуучулардын инсанынын психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн,жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтейт.

**4**.Баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды,чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында уй-бүлөөнү иликтейт.

**5**.Ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көмөктөшөт.Бейжай үй-бүлөдөгү балдардын баарлашуусу (камуникативдик)көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөгө түзөт.

**6**.Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, алардын ата-энелик милдеттерге аң сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт,ошондой эле ата-энелери менен мамилеси начарлаган балдардын маселелерин чечүүгө жардам берет.

**7**.Балдарды коргоо жана социалдык колдоо,өмүрүн жана ден-соолугун сактоо боюнча чараларды көрөт.

**8**.Камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга зарыл жардам берет.

**9**.Жетим жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды турак жай,пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт.

**10**.Класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу,балдар жана жаштар уюмдары,мекемелери,клубдары менен кызматташуу аркылуу балдардын бош убактысын уюштурууга көмөктөшөт.

**11**.Балдар иштери боюнча комиссияга катышат.

**12**.Зарыл болгондо,балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүн,паспортун)калыбына келтирүүгө жардам берет.

Жогорудагы көрсөтүлгөн социалдык педагогдун максаты,милдетинин негизинде иш-чара жүргүзүлөт.

**Сентябрь** айында окуучулардын тизмелери такталып, класстардын социалдык паспорту түзүлдү. Мектепте 23 мугалим эмгектенет ,окуучулардын саны 311,кыздардын саны 165. Мектепке 17класс бар,алардын ичинен жогорку класс3,ортоңку класс 6,майда класс 8. Сентябрь айында8 мүчөдөн турган ппрофилактикалык кенешме түзүлдү.Атайын 1жылдык план иштелип чыкты.Мектеп ичинде тартип бузууларды алдын алуу максатында: сабактан калбай, таза, тыкан келүүгө, сабакты себепсиз калтырбоого, мугалимдердин берген тапшырмасын аткарууга, өзүн үйдө, көчөдө тартиптүү алып жүрүүгө, тамеки жана башка зыяндуу заттарды колдонбоо, кылмыштуу иштерди жасабоо жөнүндө айтылып мектеп жетекчилиги тарабынан линейка өткөрүлдү.

Сентябрь айынын башында мектеп парламенти түзүлдү. Парламенттин президентин мектеп окуучулары шайлашты. Парламенттин мүчөлөрү такталды.

Жолдо жүрүүнүн эрежесин сактоо боюнча иш чараларга «Жолдо жүрүүнүн эрежелери», «Жолдо жүрсөң абайла!"» ,жана башка аталыштагы класстык сааттар өтүлүп, дубал газета чыгарылды. Мектепте «Жолдо жүрүүнүн жаш инспектору» тобу түзүлгөн. Анда 9окуучу бекитилди.

Мектепке бекитилген ИДН кызматкери Кубандык уулу Адилет жана социалдык педагог Кенжалиева Мээрим менен биргеликте тартип бузган окуучулар менен иш алып барып турат. Мектепте «Милициянын жаш досу» деген аталышта топ түзүлгөн. Анда жогорку класстардан 8 окуучу катталган. Бул топтун аткара турган иштерине атайын план түзүлгөн. Алар мугалимдерге кечки рейддерди өткөрүүгө, тартип бузган, зомбулук көрсөткөн окуучулар менен иш алып барууга көмөктөшүшөт, көзөмөл жүргүзүшөт. Мектепте ар кандай спорттук мелдештерди өткөрүүгө жардам беришет.

**Октябрь** айында класс жетекчилер менен биргеликте 6-7-8-9-класстарда окуучулардын өздөрүн укук-тартип иштерине тартуу максатында нөөмөтчүлүк уюштурулуп, сабакты себепсиз калтырган, сабактан «2» алган жана «5» алган окуучулар, тартипсиздик кылган окуучулар такталып, мектептин дубал газетасына илинип турду.

Тарбиясы оор ,мектептин учетунда турган жарым, томолой жетим окуучуларды кружок, спорттук оюндарга катыштыруу максатында иш чара отүлдү.

Мектепте "1-октябрь Карылар күнүнө" карата мектеп парламенти тарабынан Сын-Таш,Кызыл-Арык айылынын улгайган адамдарына концерт уюштурулду. Кары адамдарга мээримдүүлүк кылуу, колдоо көрсөтүү иштери жүргүзүлдү. Мектептин «Тимур» командасынын жетекчиси багышанов Арген менен бирге,айылдын кары адамдарына барып өз жардамдарын көрсөтүштү.

4-октябрь куну мектептин окуучулары «Мугалим- мөмөлүү дарак» аттуу концетти мугалимдерге тартуулашты. Концертте мугалимдер жөнүндө көркөм ырларды, бийлерди, обондуу ырларды аткарышты.

Ай ичинде суицидге жана адам сатууга каршы «Адам сатуу - бул кылмыш», «Бейтаныш адам менен сүйлөшпө»,«Суицид – азыркы кездин моралдык трагедиясы» -деген темаларда жогорку класстарда класстык сааттар өтүлдү.

Мектеп ичинде тартип бузган 9-класстын окуучулары Мырзакматов Берик,8-класстын окуучулары Болотов Арлан,Борукеев Нургазы менен профилактикалык кеңешменин чогулушунда, мектеп ичиндеги учетко алынды. Окуучулар менен мектеп жетекчилиги жана ИДН кызматкери түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Ата-энелерин мектепке чакырып, сүйлөштүк. Түшүнүк каттар жазылды.

Мектепте жалпы ата-энелер чогулушу болуп өттү. Чогулушта зомбулук жөнүндө лекцияны мектептин соц.педагогу Кенжалиева Мээрим окуп берди. Зордук-зомбулук эмне учун куч алууда? Зомбулукту токтотуу мүмкүнбү? деген суроолорго талкуу жүргүздүк. Зыяндуу заттардын колдонулушу «Токсикомания» жөнүндө лекцияны Тойтуева Зура окуду. Андан соң, чогулушка келген ата-энелер менен балдардын жүрүм-туруму, тартиби жөнүндө аңгемелештик. Чогулушта мектепте болгон балдар арасында уруш жөнүндө сүйлөштүк. Чогулушка ИДН кызматкери кубандык уулу Адилет да чакырылган, ал ата-энелер менен аңгемелешип, балдар менен түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Мектептен бала менен мугалимдер иштегени менен үй-бүлөөдө тарбия болбосо эч кандай жыйынтык болбойт экени айтылды. Андыктан балдарга ар убак көз салып туруу зарылдыгы керек экен деп чечим чыгардык.

Ай сайын мектеп жетекчилиги ишембиликтерди өткөрүп, мектептин айлана тегерегин тазалоо, курап калган өсүмдүктөрдү кесүү, жолдун жээгин ыпыр-сыпырлардан арылтуу иштери жасалды.

**Ноябрь** айында тартипсиздик кылган, сабакты себепсиз калтырган, уюлдук телефонду колдонгон, сабактан кечиккен окуучулар, нөөмөтчүлүк кылган класстар жана класс жетекчилер тарабынан көзөмөлдөнүп турду. Сабакты себепсиз калтырган айрым окуучулардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлүп, ата-энелери менен сүйлөшүлүп, мындан кийин сабакты себепсиз калтырбоого убада беришти.

«Диний экстремизм» боюнча иш- чараларга карата 5-класс «Дин жана мезгил», 6-7-8 класс «Дин жөнүндө түшүнүк», «Диний экстремизмге жол жок»-деген темаларда класстык, тарбиялык саттар 9-10-11 –класстарда өткөрүлдү. Окуучуларга дин жөнүндө түшүнүк берилип, анын тарбия берүүчүлүк жактары айтылып, таза, ыймандуу болууга, жаман иштерди жасабоого үндөгөн сөздөр айтылды. Мечитке барган окуучулардын тизмеси түзүлдү.

1-декабрь СПИДге каршы Эл аралык күнгө карата биология мугалими Тойтуева Зура жана тарбия завучу Кенжалиева Мээрим тарабынан линейка өткөрүлүп, СПИД жөнүндө маалымат беришти. Мектеп парламенти «СПИДге каршыбыз» деген дубал газета чыгарышты. 9-11-класстарга «СПИДдин жугуу жолдору» деген темада лекция окулуп, дилбаяндар жазылды.

Ноябрь айында одоно тартип бузуулар болгон жок. Ата-энелер мектеп менен тыгыз байланышта. ИДН кызматкери ар бейшемби күнү мектепке келип балдар менен иш жүргүзүп турат.

**Декабрь** айында мектеп ичинде план боюнча төмөнкү иш чаралар өткөрүлдү.

«Тамеки, арак, насвай, наркоманиянын зыяндуулугу» жөнүндө класс жетекчилер класстык саттарды өткөрүштү. Сүрөттөр, видео көрсөтүлөр аркылуу бул заттардын адам организмине тийгизген таасири, материалдык каражаттардын көрсөтүлүшү, психологиялык терс таасирлери жөнүндө кеңири түшүндүрүлүп, бул заттарды колдонбоого үгүт иштери жүргүзүлдү.

3-декабрь "Майыптар күнүнө" карата 9-11-класстар арасында мектепте спорттук оюндар өткөрүлдү.5-8-класстар арасында "Мүмкүнчүлүгү чектелген окууучулар да билим ала алат "_деген темада сүрөт,дил баян конкурсу уюштурулду.

Биздин мектептин ичиндеги учетто турган окуучулардын үйлөрүнө рейд жүргүзүлдү. Ата-энелери менен түшүндүрүү иштерин өткөздүк.

27-декабрь куну мектепте Жаны жылдык балаты өткөрүлдү. Бул иш чарага мектептин бардык окуучулары активдүү катышышты. Ар бир класс дубал гезиттерин чыгарышты.9-класстын окуучулары класс жетекчиси Алымкулова Айсалкын,мектептин тарбия завучу менен биргеликте жомок коюшту, ал эми жогорку класстарга майрамдык кече уюштурушту. Майрам кечки саат 16:00до аяктап, бардыгы үйлөрүнө тарап кетишти.

Ар бир класс жетекчи окуучуларына кышкы эс алуу күндөрү жолдо жүрүүнүн эрежелерин жана өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо зарылдыгын айтып эскертти. Тушундуруу иштеринин өткөрүлгөндүгүн жана түшүндүрүлгөнүн тастыктап, ар бир окуучу кол коюп берди.

**Январь** айында түзулгөн план боюнча төмөнкү иш чаралар жүргүзүлдү.

2017-2018-окуу жылынын I жарым жарым жылдыгында аткарылган иш чарага анализ берилди. Окуучулардын жалпы контингенти аныкталып, II жарым жылдыкка карата класстардын социалдык паспорту түзүлүп, маалымат базасы такталды.

Ар бир класста «Сен укугунду билесинби?», «Зомбулук жана анын кесепеттери», «Үй-бүлөдөгү баланын орду», «Сенин укуктарын жана милдеттерин!», «Зомбулук эмнеге алып келет?» деген темаларда класстык сааттар өтүлдү. Сабактар көптөгөн кошумча көрсөтмө куралдар менен жабдылган, видео роликтер көрсөтүлгөн. Окуучулар үйдө, мектепте жана башка коомдук жайларда зомбулукка кабылбоо учун кандай иш аракеттерди жасоо керектиги жөнүндө ойлорун айтып билдиришти. Мектепте «Ишеним кутучасы » илинип турат жана жума сайын текшерилет.

Ай ичинде жогорку класстардын окуучуларынын үйлөрүнө рейд өткөрүлдү. Рейдде укук жана тартип бузуулар байкалган жок. Окуучулардын сабакка катышуусу класс жетекчилер менен соц.педагог тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Ооруп калган окуучулардын ата-энелери уюлдук телефон аркылуу класс жетекчилерге билдирип турушат.

Ар дүйшөмбү сайын нөөмөт кылган класстар сабакты себепсиз калтырган, уюлдук телефон көтөрүп келген, тентек кылган окуучуларды тактап турушат. Ата-энелерине эскертүү берилет.

**Февраль** айында одоно тартип бузган окуучулар болгон жок. Мектепте ата-энелер чогулушу өтүлдү. Анда ата-энелердин көпчүлүгү катышып, балдардын окуусу, тартиби жөнүндө аңгемелештик. Соц.педагог Кенжалиева Мээрим «Өспүрүм жана ата-эне» деген аталышта доклад жасады. Бала менен ата-эненин ортосундагы мамилени аныктоо максатында сурамжылоо жүргүздүк. Өспүрүм курактагы балдардын аракетиндеги өзгөчөлүктөр,көйгөйлөр,түшүнбөстүктөр жөнүндө сөз кылынды.

«Эрте никеге туруу» жөнүндө 7-9-класстарда класстык сааттар өтүлдү. Айылдык медайым Осмонова Жылдыз, тарбия завуч Кенжалиева Мээрим жана класс жетекчилер окуучулар менен аңгемелешти.

Окуучулардын сабакка катышуусу класс жетекчилер менен соц.педагог тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Ооруп калган окуучулардын ата-энелери уюлдук телефон аркылуу класс жетекчилерге билдирип турушат.

«Өспүрүм балдардын гигиенасы»-деген аталышта 5-9-класстардын окуучуларына мектептин биология мугалими Тойтуева Зура лекция окуду. Анда мугалим гигиенанын ден соолук үчүн тийгизген таасири жана зарылчылыгы жөнүндө кененирээк айтып түшүнүк берди. Балдар өзүлөрүн кызыктырган суроолорун беришип, кошумча маалымат алышты.

Ар жуманын дүйшөмбү күнүндө өтүлгөн линейкада нөөмөтчүлүк өтөгөн класстар тартип бузган, кечиккен окуучуларды тактап турушат.

**Март** айында «Жолдо жүрүүнүн эрежелерин сактоо»-деген темада бардык класстарда класстык саттар өткөрүлдү. Класс жетекчилер сабактарын көрсөтмөлүү жана кызыктуу өттү. Окуучуларды маданий массалык иштерге кызыктыруу максатында

“8-март – Аялдардын эл аралык күнүнө” карата өткөрүлгөн «Жакшы кыз – жакадагы кундуз» аталышындагы конкурска жана Нооруз майрамына карата уюштурулган концертке мектептин бардык контингентиндеги окуучулар активдүү катышышты. Бир да бала сыртта калган жок.Март айында 9-11-класстын бүтүрүүчү окуучулары менен кесиптик багыттандыруучу иштери жүргүзүлдү.КМТУ,МАУПФБ,МАНАС Түрк университетинен атайын мугалимдеринен лекция окулду,видео слайддар көрсөтүлдү.

Гендердик теңчиликке карата класстык сааттар өтүлдү. Анда окуучулар гендер, гендердик басмырлоо, гендердик теңчилик, тең укуктуулук боюнча кененирек түшүнүктөрүн алышты. «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзам үстүндө талкуу болду. Ар бир класс жетекчи «Гендердик теңсиздикке жол бербейм!», «Менин кандай укуктарым бар?», «Гендердик басмырлоого тыюу салуу» жана башка темаларда тарбилык сабактарды өтүштү.

Чейрек аягында класс жетекчилер окуучуларга жазгы каникуль мезгилинде жолдо жүрүүнүн эрежелерин, өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо жана бейтааныш адамдар

менен сүйлөшпөө, алар менен бир жакка барбоо жөнүндө айтып эскертишти. Түшүндүрүү иштеринин өткөрүлгөндүгүн тастыктап, ар бир окуучу кол коюп берди.

**Апрель** айында мектепти жана анын айлана-тегерегин тазалоо иштери жүргүзүлдү. Ар бир жумада ишембиликтер өткөрүлүп, бак-дарактарды актоо иштери жүргүзүлдү. Ай ичинде 9-класстын окуучуларына кесипке багыт берүүчү иш чаралар өтүлдү. «Кайда барып окуу керек?» аталышындагы дубал газета чыгарылды. 9-класстын класс жетекчиси Иманалиева Лаура эже «Кесип тандоо-тагдыр тандоого тете кадам» деген темада ачык сабак өттү. Кесипке багытталган ойлор айтылды. Ар кандай кесип жөнүндө видео роликтер көрсөтүлдү.

Тартипти бузган, сабакты калтырган, уюлдук телефонду көтөрүп келген окуучуларга линейкада эскертүү берилип, дубал гезитке чыгарылат. Апрель айында сабакты көп калтырган 7-класстын окуучусу Атаханов Алиге эскертүү берилип, класс жетекчиси Солтонкулова Нургүл үйүнө барып ата-энеси менен түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

**Май айы**. 5-май Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө карата «Мыйзам баарына бирдей», «Мыйзамды сыйлайлы» аталышындагы класстык сааттар өтүлдү. Анда класс жетекчилер Конституция жөнүндө окуучуларга түшүнүк беришип, чакан видео тасма көрсөтүштү,линейка өтүлдү.Мектеп парламенти тарабынан дубал гезит чыгарылды.

Мектеп ичинде “Улуу Жеңиштин 74 жылдыгына”арналган иш-чаранын планы түзүлүп,иш чаралар өтүлдү.Мугалимдер Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагерлердин тизмесин тактап чыгышты. Азыркы тизме боюнча айылда бир да Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ардагерлер калган эмес экендиги такталды. Бирок согуш мезгилинде тылда эмгектенип, ушул жеңишке салымын кошкон аталарыбызды, апаларыбызды тактап тизмеге киргиздик.

Мектептин «Тимурчулар» командасы Багышанов Аргендин жетектөөсү менен тылда эмгектенген ата-апаларга жардам көрсөтүп келишти. Жазгы жумуштарына жардам беришти, арыктарын тазалашты. Отургуза турган картошка уруктарын сорттошту. Жардам берген тимурчуларга ата-апалар ыраазычылыктарын билдиришип, баталарын беришти. Ошону менен бирге Улуу Жеништин 74 жылдыгына арнап, мектеп ичиндеги дубал газеталарды, бурчтарды, альбомдорду жаңырттык.

Ар бир класс жетекчи окуучуларга патриоттук тарбия беруу максатында “Ата-Мекенди коргоо!”, «Эрдик эч качан унутулбайт!», «Мекеним алтын бешигим!», «Мекенден айрылганча жанындан айрыл!», “Туулган жердин топурагы алтын”- деген темада класстык сааттар өткөрүлдү. Мектептин сүрөт мугалими Ибраева Рыскан балдардын согуш мезгилине, тынчтыкка, Ата Мекенге арналган сүрөт көрөзмөсүн уюштурду.

Мектеп ичинде ишембилик өткөрүлүп, эстеликтин тегерек четтери тазаланды. Мектептин дене тарбия мугалими Борукеев Эркинбек мектеп ичинде эркек балдар арасында эрдик-таймаш сабагын өткөрдү. Бул иш чаранын жыйынтыгы менен Улуу Жеңиштин 73

жылдыгына карата арналган салтанаттуу линейка 8-май куну өткөрүлдү. Эстеликтин алдына барып, бир тынымга эскеруу менен гулчамбарларды койдук.

15-май куну жалпы ата-энелер чогулушу болуп өттү. Анда жайкы эс алуу күндөрүндө балдардын ден соолугуна, өмүрүнө жана коопсуздугуна толугу менен жооп беребиз деген барактарга кол тамгаларын коюп беришти.

1-9-класстардын класс жетекчилери окуучуларына жайкы эс алуу күндөрү жолдо жүрүүнүн эрежелерин, өрт жана суу коопсуздугунун эрежелерин сактоо зарылдыгын айтып, тоого экскурсияга баруугa тыюу салынарын эскертишти. Түшүндүрүү иштеринин өткөрүлгөндүгүн жана түшүндүрүлгөнүн тастыктап, ар бир окуучу коопсуздук дептерине кол коюп берди.

25-май куну мектепте “Акыркы конгуроо” салтанаттуу линейка болуп өттү.Өтүлүүчү линейкада 2017-2018-окуу жылында үлгүлүү,жакшы окуган окуучуларга граматалар тапшырылды.

Мектептин соц.педагогу: Кенжалиева М.З.